УДК: 371: 37.01 (575.2) (04)
DOI 10.33514/1694-7851-2024-4/3-35-42

**Мурзаев М.С.**
психология илимдеринин кандидаты, доцент
И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
mamatali54@mail.ru

## ТУЯКТЫН ЫРЛАРЫ – КЫРГЫЗ МАДАНИЯТЫНЫН КӨӨНӨРБӨС МУРАСЫ

**Аннотация:** Ырчылык өнөр кыргыз элинин тарыхый өсүп-өнүгүү жолунда жаралып, өнүгүп олтуруп, элдин рухий дүйнөсүн калыптандырган. Элибизде чыгармачылыгы баа жеткис акындар көп. Алардын айрымдарынын чыгармалары эл арасында кеңири белгилүү болсо, айрымдарынын аты гана эл оозунда айтылып келет. Эл оозунда сакталып калган ырлары кийинки жылдарда гана топтолуп, өзүнчө китеп болуп чыгып, ырлары элге жайылтыла баштаган акындардын бири Туяк ырчы.

Туяк ырчы адамды сөз менен өтө таамай, өтө элестүү сүрөттөп, анын психологиясын ачып бере алгандыгы менен өзгөчөлөнөт. Ал ырларында каармандын психологиясын, мүнөзүндөгү өзгөчөлүктөрүн, анын жан дүйнөсүндө жүрүп жаткан толгонууларын жана сезимдерин, алардын өнүгүп-өзгөрүшүнүн элестүү ачып бере алган.

Макалада көркөмдүгү бийик ырлары менен өз доорун чагылдырып, элге тарбиячы, насаатчы катары кызмат өтөп, элдин руханий казынасынын байышына өз салымын кошкон Туяктын ырчылык өзгөчөлүгү жөнүндө сөз болот.

**Негизги сөздөр:** Туяк ырчы, ырчылык өнөр, төкмөлүк, ырчылык чеберчилик, рухий казына, тарбия, айтыш, туулган жер, илимий изилдөө.

**Мурзаев М.С.**
кандидат психологических наук, доцент
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
Бишкек ш.
mamatali54@mail.ru

## ТВОРЧЕСКОЕ НАСЛЕДИЕ ТУЯКА – БЕСЦЕННОЕ БОГАТСТВО КЫРГЫЗСКОЙ КУЛЬТУРЫ

**Аннотация:** В кыргызской культуре особое место занимает творчество акынов-импровизаторов, которое развивалось в ходе исторического развития кыргызского народа и оказывало сильное влияние на формирование его духовного мира. У кыргызов много знаменитых акынов, но и есть те, которые остались известными только своими именами, их творения до нас не дошли. Один из ранее забытых – акын Туяк, собранные стихи которого опубликованы в виде книги и сегодня широко распространяются среди народов.

Туяк акын отличается умением очень точно и образно описывать человека словами, раскрывая его психологию. В своих стихах он сумел ярко раскрыть психологию героя, черты его характера, полноту и чувства его души, их развитие и изменения.

В статье рассматривается своеобразие творческого наследия Туяка, его поэтическое мастерство, образность стихов, воспитательное воздействие и влияние которых на развитие духовного мира кыргызского народа было огромным.

**Ключевые слова:** Поэт Туяк, поэтическое искусство, импровизация, поэт-импровизатор, мастерство поэта, духовное наследие, воспитание, айтыш (устное импровизационное состязание поэтов), родная земля, научное исследование.

**Murzaev M.S.**
candidate of psychological sciences, associate professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
mamatali54@mail.ru

# THE CREATIVE HERITAGE OF TUYAK IS AN PRICELESS WEALTH OF KYRGYZ CULTURE

**Abstract**: In Kyrgyz culture, a special place is occupied by the creativity of akyns-improvisers, which developed during the historical development of the Kyrgyz people and had a strong influence on the formation of their spiritual world.

The Kyrgyz have many famous akyns, but there are also those who remained known only by their names; their creations have not reached us. One of the previously forgotten is akyn Tuyak, whose collected poems were published in the form of a book and today are widely distributed among people.

The hoofed singer is distinguished by his ability to describe a person very vividly and imaginatively with words, revealing his psychology. In his poems, he was able to vividly reveal the psychology of the hero, his character traits, the fullness and feelings of his soul, and their development and changes.

The article examines the originality of Tuyak's creative heritage, his poetic skill, the imagery of his poems, the educational impact and influence of which on the development of the spiritual world of the Kyrgyz people was enormous.

**Key words**: Poet Tuyak, poetic art, improvisation, poet-improviser, poet's skill, spiritual heritage, education, aitysh (oral improvisational competition of poets), native land, scientific research.

Кыргыз элинин рухий маданиятында ырчылык өнөр эл ичинде тарбиялык да, дүйнө таануучулук да, эстетикалык да мааниге ээ болгон [3, 28 б.].

Төкмөлөр ырчылык жана инсандык өзгөчөлүктөрү менен элдин аң сезимин, жүрүм – турумун өзгөрткөн, өстүргөн, элди маданий жана рухий прогресске алып келген.

Мындан бир жарым кылым мурда жашап, эл ичине ырчы катары аты чыккан, аты унутулбай эл ичинде сакталып, ырлары эл оозунан түшпөй ырдалып жүрүп XX1 кылымга жеткен, бүгүн жалпы кыргыз элине кеңири белгилүү болгон Туяк Эрназар уулунун чыгармачылыгын изилдөө актуалдуу болуп саналат.

Туяктын ырларынан анын адамдык турпаты, чыгармачылык бөтөнчөлүгү, ырчылык жүзү даана байкалат жана өз мезгилиндеги өтө талантуу акын экендиги көрүнөт. Бүгүнкү күнгө чейин эл арасында ал жөнүндөгү ар кандай уламыш сөздөрдүн айтылып келүүсү, анын өз

доорундагы өтө белгилүү ырчы болгондугуна, чыгармаларынын элге күчтүү таасир эткендигине күбө болот.

Адабият таанууда “психологизм” термини бар. Анда көркөм чыгармалардагы психологиялык маселелер (каармандын мүнөзүндөгү өзгөчөлүктөр, анын жан дүйнөсүндө жүрүп жаткан толгонуулар жана сезимдер ж.б.) жөнүндө сөз болот.

Психологизм - көркөм чыгармаларда адамдардын психологиялык өзгөчөлүктөрүнүн чагылдырылышы, каармандардын жан дүйнөсүнүн, ички сезимдеринин, толгонууларынын, мүнөзүнүн өзгөчөлүктөрүн ачып берилиши. Автордун каармандын жан дүйнөсүнүн өсүп өнүгүшүн, калыптануу этаптарын, сезимдеринин өнүгүп-өзгөрүшүн ж.б. психологиялык өзгөчөлүктөрүн анализдөөсү, анын келип чыгуу себептерин түшүндүрүүсү [2, 264 б.].

Туяктын ырчылык чеберчилигинин жогорулугун Коргол жана Токтогул акындардын Туяк ырчынын өмүрү жана акындык денгээли жөнүндө ырдаган ырларынан, анын ырчылык денгээлине берген баасынан билүүгө болот. Алсак, кыргыз журтчулугуна белгилүү актаңдай акын Коргол Туяктын ырчылык өнөрүнүн кайталангыс курчтугун төмөнкү саптарда даңазалайт:

Исфайрамды бойлогон,
Ырчылык менен тойлогон.
Кудаяр Ханга тийишип,
Бул мээнет ишти ойлогон.
Кызыл тилдин айынан,
Кылычтан жерге сойлогон.
Кайран ырчы
Туяк да өткөн дүйнөдөн,- деп өзүнүн «Дүйнө» деген ырында Туякты философ акындар Жеңижок, Токтогул, Барпы ж.б. акындардын катарына коюп ырдайт [1, 66-67 бб.].

Ал эми Токтогул акылы терең, кыраакы, даанышман адам болгондуктан Туяк ырчынын талантын баалап:

Ээрчип жүрүп Туякты,
Эми көрдүм буякты.
Туягым турса жанымда,
Туйгандай болом кубатты.
Көргөндөй болом көзүнөн,
Күйүп турган чыракты [1, 63б],

-деп ырдагандыгынан Туяк да элге атагы чыккан ырчыларды өз жерине ээрчитип келгендиги, ишенимдүү жолдош экендиги, көзүнөн от жанып турган кайраттуулугу белгилүү болот.

Төкмө ырчылар жашаган доордо кат сабат, кагаз иштери өнүкпөгөндүктөн, алардын азыркыдай өз колу менен жазып калтырган өмүр баяндык маалыматы жок. Бирок алар жөнүндөгү маалыматты төмөнкүдөй үч булактан табууга болот.

Биринчи булак - эл оозунда аты сакталган ырчылардын адамдык турпаты, инсандык өзгөчөлүгү, чыгармачылык бөтөнчөлүгү жөнүндө эл арасында ар кандай уламыш сөздөр кеңири тарап, ушул күнгө чейин ар түрдүү варианттарда айтылып жүрөт. Эл ичиндеги ошол оозеки тарых Туяк сыяктуу акындардын өмүр баянын, чыгармаларын жана чыгармачылыгынын өзгөчөлүктөрү жөнүндө баалуу маалыматтарды билүүгө мүмкүндүк берет.

Экинчи булак- төкмө акындын өмүр жолу жөнүндө маалымат берген эң башкы “документ” анын ырлары болуп саналат. Туяктын ырлары анын жаштыгынан жетим калып, ата-эненин мээримин көрбөгөндүгү, атасынын бир туугандарынын малын багып күн өткөргөндүгү, кимдер менен каерде ырдагандыгы анын чыгармаларынын мазмунун түзүп, Туяктын өмүр жолун жана чыгармачылыгын билүүгө мүмкүндүк берет.

Үчүнчү булак-төкмөчүлүктө өзү көрүп-билген акындардын чыгармаларын, инсандык өзгөчөлүктөрүн ырдоо салты калыптанган. Ошол салт боюнча төкмө акындардын ырларынан өзү менен үзөңгүлөш акындардын өмүр жолу, чыгармачыыгынын өзгөчөлүгү жөнүндө ырдаган ырларынан төкмө ырчынын өмүрү жана акындык деңгээли жөнүндө маалымат алууга болот. Мисалы, чоң акындар Коргол менен Токтогулдун ал жөнүндө ырдаган ырларынан Туяк ырчынын өмүрү жана акындык деңгээли жөнүндөгү маалыматтарды алууга болот.

Туяктын чыгармаларын ар тараптан изилдөө келечектин иши. Биз макалабызда Туяктын инсандык өзгөчөлүктөрүнө жана чыгармаларынын уруунттуу учурларына гана токтолобуз.

Ар бир ырчы өз доорундагы эл турмушун ырдайт. Туяк өз мезгилин, айлана-чөйрөсүн, коомдук социалдык, моралдык этикалык нормаларын, элдин көз караштарын ыргы кошуп, өз доорундагы кыргыз элинин жашоо образын, баалуулуктарын, турмуштук көйгөйлөрүн, кубаныч, кайгысын ж.б. ырларында чагылдырган.

Бардык төкмө ырчылар ырдаган салттуу темалар (балалык, туулган жер, жокчулук турмуш, кимдер менен каерде айтышканы, санат, терме ж.б.) Туяк ырчыда да бар. М: ырчынын кайсы жерде, ким менен айтышканын ырдоо салты.”Коконго барып ырдагам, Каракөз сулуу кыздардын Кызматын көрүп жыргагам. Ош пиримде ырдагам ...”-деген саптарынан көрүнөт.

Төкмөлүктүн салты боюнча ар бир акын өзү туулуп өскөн жердин кереметин ырга салып ырдайт [3, 28 б.]. «Исфайрам», «Балалыгым калган жер» деген ырларда негизинен акын өзү туулуп өскөн, балалыгы өткөн жердин кооздугун, агып жаткан суусунун кадыр баркын,түбөлүктүүлүгүн, жашоо үчүн зарыл болгон күндөлүк тиричиликтин көйгөйлөрүн ырдап олтуруп, Туяк өзүнүн дүйнө таанымын, инсандык өзгөчөлүктөрүн чагылдырып, ошол мезгилдеги элдин социалдык турмушу, философиясы, психологиясы жөнүндө баа жеткис материал калтырган.

Төкмө ырчынын чыгармачылыгын өсүшү жашоо чөйрөсүнөн алган таасирлерге жараша болгон. Туяктын «Исфайрам» ыры анын акындык өзгөчөлүгүн, дүйнө таанымынын, дүйнө түшүнүүсүнүн өзгөчөлүгүн чагылыдырып турат.

Мисалы: «Исфайрам» деген ырында

Алтын аккан ичиде,
Алаамат бар күчүдө.
Шыпаа болгон ар кандай,
Айыкпаган печелге.
Кимди болсо эмдеген,
Кучак жайып жердеген.
Исфайрамды көрбөгөн,
Бейиш эмне билбеген,
Ооматы күч бул дайра.
Окторулган нур дайра,
Таамын татсаң бир жолу,
Таткың келет миң кайра [1, 9 б.],

-деп акын Исфайрам дайрасынын бүт касиетин, географиясын, табигый өзгөчөлүгүн, анын сулуулугун жана улуулугун даңазалайт. Суу өмүрдүн булагы, жашоонун негизи, бүт тирүүлүк суу менен байланыштуу экендиги, суунун түбөлүктүүлүгү, адам өмүрүнүн кыскалыгы жана өтмөлүүлүгү ж.б. ойлор Туяктын философиялык көз караштарын чагылдырып турат. Ошондой эле анын "Исфайрам" деген ырында өзүнүн инсандык өзгөчөлүктөрү, акындык чеберчилигине өзүнүн баа берүүсү да чагалдырылгандыгы

*"Эсил кайран Туяктын*

*Өзүн көрдүң Туяктын*

*Өзүн көрдүң Исфайрам*" деген ыр саптардан өзүнө ырчы катары өтө жогору баа бергендиги белгилүү болот.

Адам өмүрү өтмө, ал эми Исфайрам дарыясы түбөлүктүү деген философиялык ойлору *"Шул тоолорду жамынып, Сендей болуп агылып, Өмүр өтсө канеке, Дабышыңдай жаңырып"* деген ыр саптарынан белгилүү болот. Жогорудагы ыр саптарында айланадагы бардык нерселер байланышта каралат, өзүнүн ырчы катары ийгиликтерге жетишүүсүн жердин сулуулугу алып келген башат катары балалыгы калган жерди эсептейт. Дарыянын түбөлүктүүлүгү адамдын өмүрү кыска экендигине философиялык ой жүгүртөт. Бул ыр Туяктын ой чабытынын кеңдигинен, акылынын тереңдигинен да кабар берет [1, 11 б.].

«Балалыгым калган жер» ырында жердин сулуулугу адамдын тиричиликтеги баалуулуктары менен тыгыз байланышта каралып, акын жердин кереметин сыпаттоо менен гана чектелбестен, анын өзгөчөлүгүн көп жерлер (Алай, Өзгөн ж.б.) менен салыштыруу аркылуу жогоруда айтылган өзгөчөлүктөрүнө ынандыруу үчүн кайсыл жерлерге барса да, ал жерлер өзү туулуп өскөн жердин кереметине тең келбей тургандыгына сыймыктанат, керемет жерде жашаганына кудайга ыраазы болот жана ошондой керемет жерди кастарлоого угармандарды ынандырат.

«Исфайрам», «Балалыгым калган жер» ж.б. ырлар Туяктын баамчылдыгын, суунун тамчысын адам турмушу менен байланыштырып сүрөттөшүнөн, суунун адам жашоосундагы маанисин ачып бергендигинен ырчынын терең ойчул философ экендигин көрсөтөт.

Философ акын коом, табият менен адамдын карым-катышы аркылуу адамдардагы, дүйнөдөгү өзгөрүүлөр табиятты, заманды өзгөртө тургандыгын, замандын өзгөрүүсү адамдарга таасир этип, аны өзгөрүүгө алып келерин ачып берет. Алсак, жаратылыш менен адамды аралашкан бир бүтүн аалам катары түшүнгөндүгү "Денемдеги жүрүп турган канымсың, Толкуп турган жанымсың" ("Исфайрам") деген ыр саптарынан көрүнөт.

Туяктын ырларынан анын поэтикалык тилинин өзгөчөлүгү, ырчылык дареметинин күчтүүлүгү, чеберчилигинин бийиктиги дароо көзгө урунат.

Астында атың болбосо,
Дегдегениң бекер гап.
Агайын тууган болбосо,
Мен дегенин бекер гап [1, 78 б.] - деген саптар аркылуу адамдын коомдук жашоосунун маани-маңызы, туугандар ынтымак болсо гана турмушта ийгиликке жетүүгө болорун, ынтымакчылык жашоонун негизи экендигин эскертип турат.

Туяктын өзгөчөлүгү адамдын жашоосун жеке карабайт, коом менен биргеликте карайт. Адамдын жашоосу башка адамдар менен карым-катышта өтөрүн. Ошондон анын "Жакшы адамга жолуксаң" деген ыры адамдын өмүрү, жашоосу, тагдыры айланасындагы адамдарга жараша болорун, анын кандай адамдар менен карым-катыш жасагандыгына жараша аныкталарын ачып берет.

"Не болосуң замана?" деген ырында коомду, заманды элдин пейили менен байланышта карайт. Элдин пейилинин бузулушу коомдун айыкпаган балээге туш болушуна себепкери катары карайт. "Бара берип ушунтип Не болосуң замана?", - деп жалпы элдин келечек тагдырын ойлоп тынчсызданат. Коомдун бузулушу жамандык менен бүтөөрүн эскертип,

*"Айдай жүздөн айрылып, Көө болосуң замана*", дейт [1, 28 б.].

Туяктын ырдап жаткан теманы өтө так жана элестүү сүрөттөп берүүсү, айтайын деген оюнун тактыгы жана терең маанилүүлүгү ж.б. анын чебер акын экендигин көрсөтөт.

Туяктын "Санаттар", «Акыр заман», «Не болосуң замана?», «Замана» деген ырларында заман (коомдук турмуш) адамдын психологиясы менен тыгыз байланышта каралып, бийлик менен байлыктын адамдын пейилине, мүнөзүнө таасир этип, аны өзгөртөрү, коомдогу динсиздик, ыймансыздык, адамдардын ыйманы менен пейилинин бузулушу замандын бузулушуна алып келет деген ойлор жогоруда аталган ырлардын мазмунун түзөт. Замандын өзгөрүшү адамдын психологиясын, пейилин өзгөртө тургандыгын чагылдырып, бийлик менен байлыктын таасиринде ыйман менен пейилдин бузулушу келип чыгары жана адамдын пейилин, мүнөзүн өзгөртөрү, Коомдун, замандын бузулушу келечек урпактардын турмушуна өтө терс таасир этээрине кабатырланат. Анын ырларынын идеялары "Заманчыл акындардын" Арстанбек ж.б. идеялары менен үндөшүп турат. Бирок Туяктын заман жөнүндөгү ырларында коомдогу көйгөйлөрдүн чечмелениши өзгөчөлөнүп турат.

Туяктын "Дүнүйө"деген ырында дүнүйө күн нуру менен байланышта каралат, "Алоолонгон нуруңду, Он сегиз миң ааламга, Жайып келдиң, сен дүйнө" саптардан дүйнөнүн башаты катары күн нурун эсептегендиги белгилүү болот [1, 41 б.]. Бул ырда азыркы окумуштуулар изилдеп жүргөн илимпоздор айтып жаткан гипотезалар, идеялар бар десек жаңылышпайбыз.Бул сөзүбүзгө дүнүйөнүн жаралышын түшүндүргөн төмөнкү ыр саптары күбө болот:

Капкараңгы туюктан
Кайып келдиң, сен, дүнүйө.
...
Алмуздактан мурдараак
Кайып келдиң, сен дүнүйө.
...
Алла Таала эркинен
Агып чыккан дүнүйөсүң.
Жок нерсенин ичинен
Жарып чыккан дүнүйөсүң.
...
Кайнар болуп атылып
Кайнап чыккан дүнүйөсүң.
...
Жанар тоодой атылып
Жарыласың, сен, дүнүйө –деген ыр саптары окумуштуулар арасында айтылып жүргөн дүйнөнүн жаралышы "Чоң жарылуу" менен байланыштырылган теориясы менен үндөшүп турса, ошондой эле окумуштуулар айтып жүргөн дүйнөнүн жок болуусу жөнүндөгү гипотезасын жана диний окууларда айтылып жүргөн кыямат кайымдын болушун элестүү сүрөттөп берген [1, 41-42 б.].

“Дүнүйө” ырында Туяк жашоодогу бүт кубулуштар дүйнөнү мүнөздөп турарын жана анын мазмунун түзөрүн ырдап, нерселердин байланышын, өзгөчөлүгүн жана ар биринин кайталангыстыгын, алардын ар биринин жашоодо аткарган өз милдети бар экендигин сүрөттөйт.

Төкмө ырчылардын негизги темаларынын бири өзү менен замандаш акындарга баа берүү жана алардын арасында өз ордун баса көрсөтүү аркылуу ырчылык өнөрдүн табиятын, өзгөчөлүгүн элге түшүндүрүү аракети болуп саналат. Алсак, Туяк “Оматы келсе ырчынын” деген ырында жакшы акын менен жаман акынды карама-каршы коюп жакшы ырчы менен жаман чырчынын айырмасын ачып көрсөтүп, канткенде акын жакшы ырчы болорун, чыныгы эл ырчысынын кандай болушу керектигинин үлгүсүн берет. Ошондой эле акындык өнөрдүн табияты жөнүндө ырчынын ой толгоолору да берилип, жакшы акындын кандай сапаттарга ээ болушу керек экендиги (“ырчылардын сүрдөбөстүгү, оюнун бийик болушу”), эмнени жана аны кандай ырдашы керектиги, кандай турмушту баштан өткөрөрү, ал эми ооматы кеткен ырчынын (“сөзүнүн кунарынын качышы, дымагынын өчүшү”) ж.б. өзгөчөлүктөрү кеңири баяндалып, жакшы акынга коюлуучу талаптарды санап өтөт. Угарманды жакшы акынды жаман акынддан ажырата билүүгө, жакшынын кадырына жетүүгө үйрөтөт. Ушул эле ырында жакшы ырчы болуу үчүн билим алуунун мааниси канчалык жогору экендиги ачып берилет:

Окуган пири болбосо
Оюрма белди аша албайт
Оомал-төкмөл дүйнөдө
Оомат менен баса албайт [1, 17 б.].

- деп билимдин адам турмушундагы, айрыкча акындын өнөрүнүн өркүндөшү үчүн билим алуунун канчалык зарыл экендигин, адамдын психологиялык өзгөчөлүгү анын билими менен байланыштуулугун Туяк таамай ачып берген.

Төкмө ырчылардын чыгармачылыгынын өсүшүндө аш–тойлордо актаңдай акындардын айтышына күбө болуу, алардан үйрөнүү, айтышка түшүп өзүнүн ырчылык чеберчилигин көрсөтүүнүн, өнүктүрүүнүн чоң мектебинен өтөт. Аш-тойлордо чоң акындар менен жолугушуп, алар менен айтышка түшүү Туяктын ырчылык чеберчилигин өстүргөн. Туяктын атактуу ырчылар менен айтышып, өзүнүн ырчылык дараметин сыноосу, анын чыгармачылык өнөрүнүн өсүшүнө, ырчылык жүзүнүн толук ачылышына өбөлгө түзгөн. Ал чоң акындар Токтогул, Жеңижок, Коргол ж.б. менен жолугушуп, алардын чыгармачылыгын (комуз чертүү ыкмаларынан баштап, айтыш. санат, терме өңдүү салттуу ырларды кайсыл жерде кандайча ырдоо зарылдыгын, ырчылык өнөрдүн маданиятын) үйрөнүп, өзүнүн ырчылык чеберчилигин арттырган [2, 264 б.].

Туяк жалпы кыргыз элине аты белгилүү болгон ырчылар менен айтышып, өзүнүн ырчылык талантын өнүктүргөндүгү Кетмен Төбө, Аксы, Өзгөн, Кокон, Анжиан, Жалал – Абад, Базар Коргон, Алай өрөөнүндө той-аштарга катышып, ырчылар менен айтышкандыгы *“Жалалабад, Канабад Жердин баарын кыдырдым....Тийишип койгон акынга, Турумтай болуп тийгенмин”* деген ыр саптарынан белгилүү болот. Айтыш Туякты чукугандай сөз тапкычтыкка, баамчылдыкка, турмуш чындыгын тайсалдабай туура ырдоого жана башкага үйрөткөн [1, 14 б.].

Туяктын чыгармаларында элдин жашоо образы элестүү сүрөттөп берилгендиктен, көптөгөн илим тармактарынын изилдөө предметине айлана алат. Ырчынын чыгармаларын изилдөөгө алуу, анын кыргыз элинин төкмөчүлүк маданиятын өнүктүрүүгө, кыргыз элинин

рухий казынасын байытууга кошкон салымын аныктоого, ошондой эле өзү жашаган мезгилдеги элдин психологиялык өзгөчөлүктөрүн изилдөөгө мүмкүндүк берет.

Кыргыз эл акыны Эгемберди Эрматов Туяктын туулуп өскөн жерге арналган ырлары аны Исфайрам циклиндеги ырларды жазууга шыктандырганын белгилейт.

Биздин көз карашыбызда, Туяктын чыгармалары төкмө ырчылардын мурасынан өз ордун таап, фольклористикадан сырткары көптөгөн илимдердин изилдөө обьектиси боло алат. Ал Туяктын ырларынын мазмунунун тереңдиги, ырчылык чеберчилигинин бийиктиги менен байланыштуу.

Туяктын ырларын окуу китептерине киргизүү зарыл. Алсак, кыргыз тилинде окутулучу мектептердин 4-классы үчүн “Мекен таануу” сабагында “Исфайрам” аттуу ырды окутуу жана аны окуу китепке киргизүү окуучуларга туулган жерди, табиятты сүйүүгө тарбиялоого өз салымын кошор эле.

Жыйынтык

Туяктын ырлары анын өз мезгилиндеги өтө талантуу акын экендигин далилдеп турат жана башка ырчылардан болгон өзгөчөлүктөрүн, өз чыгармаларында өзүнүн жана ошол доордогу элибиздин аң сезимин, дүйнө таанымын ж.б. чагылдырылгандыгын көрсөтөт.

Туяктын ырларынын өзгөчөлүгү катары ырчылык чеберчилигинин бийиктигинен, диний билиминин тереңдигинен, дүйнө түшүнүгүнүн кеңдигинен ааламды, андагы адамды таамай жана өтө элестүү сүрөттөгөндүгүн айтууга болот.

Туяктын чыгармалары келечек муундарга этномаданий, рухий-адептик, диний ж.б. тарбия берүүдө табылгыс булак болуп саналат. Ошондуктан анын ырларын топтоо, изилдөө, окуу китептерине киргизүү зарыл.

Туяктын чыгармаларын эл арасынан, кол жазмалар фондунан, Өзбекстандын архивлеринен издөө иштерин максаттуу түрдө жүргүзүү зарыл.

Анын ырларындагы идеяларды философиялык, педагогикалык жана психологиялык аспекттен ар тараптан изилдөөгө алуу келечекте аткарылуучу зарыл иштерден болуп саналат.

**Адабияттар.**

1. Туяк ырчы. Эл оозунан жыйнап, китепти түзгөн Э.Эрматов. – Ош, – 2005. – 78 б.
2. Мурзаев М.С. Психологиялык түшүнүктөрдүн жана терминдердин сөздүгү. /Түзгөн: Мурзаев М.С. – Бишкек, – 2022. – 264 б.
3. Мурзаев М.С. Төкмөлөрдүн психологиялык өзгөчөлүктөрү. Вестник КГУ имени И.Арабаева. – 2024, 4/1. – 28 стр.
4. Эрматов Э. Чыгармаларынын жети томдук жыйнагы. – Бишкек, – 2011. ҮII том. – 126 б.

**Рецензенттер: педагогика илимдеринин доктору, профессор Бабаев Д.Б.**
**психология илимдеринин кандидаты, доцент Качикеев Т.Ж.**